Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз Мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин жана И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы К 13.22.653 Диссертациялык кеңешинде корголо турган Ташбаева Гулмайрам Абдиашимовнанын “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү” аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертациясына экинчи официалдуу оппонент, п.и.к. Мадаминов Гапыр Маматкуловичтин

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университеттинде аткарылган.

Илимий жетекчиси – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору Муратов Абдыкерим.

Диссертациянын жалпы көлөмү – 157 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 196.

**Киришүү бөлүмүндө** жобого ылайык түрдө изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, предмети, объекти, жаңылыгы тууралуу жалпы маалыматтар берилет.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Азыркы кыргыз коомундагы социалдык-саясый, экономикалык, маданий-руханий өзгөрүүлөр, анын ичинде эмгек рыногундагы атаандаштык, жумушсуздуктун жана социалдык абалдын оорлошу, ички жана тышкы миграциянын толкуну жаштарды эмгекке тарбиялоону өркүндөтүүнү, дүйнөлүк тажрыйбага ылайык жаңылоону талап кылат. Билим берүү мекемелеринде рыноктун шарттарында эмгекке жана эмгекчилдикке тарбиялоодо улуттук тарбиялоо маданиятындагы эл тарабынан топтолгон билимдерди жана тажрыйбаларды колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Себеби аларда кыргыз элинин менталитетине, философиясына, психологиясына таандык, ошолордон келип чыккан жана

ВХ № 149
12.06.2024

кылымдар бою элдик практикада апробацияланган тарбиялык потенциалдар жатат.

Улуттун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү азыркы этапта сөзсүз түрдө ошол улуттун башаттары, тарыхый тамыры менен байланышат. Ал эми улуттук негизге таянган кыргыз мектептери ушул тапта өзүнүн атуулдук позициясы калыптанган, ар тараптан тарбияланган инсанга муктаж, мына ушул муктаждыкты канааттандыруу үчүн азыркы кыргыз педагогикасы элдик тарбиянын салттары менен тарбиялоонун ыкмаларын жана жолдорун көрсөткөн илимий жоболорго, теориялык жана практикалык сунуштарга муктаж.

Азыркы эмгек рыногунда дүйнөлүк атаандаштык күчөп турган шарттарда Кыргызстандын билим берүү уюмдарынан ошол кырдаалга толук ылайык келүүчү социалдык-педагогикалык шарттарда адистерди даярдоонун жетишсиздиги; учурда жаштарды улуттук тарбия салттарынын негизинде тарбиялоого басым жасалып жатса да, бул багыттагы илимий-теориялык адабияттардын кеңири жазылбагандыгы; кыргыз үй-бүлөлөрүндө ата-энелердин балдарын эмгекке тарбиялоо боюнча бай тажрыйбасы болсо да, азыркы учурда аларды колдонуунун жетишсиздиги; рынок экономикасынын талаптарына ылайык балдарды салттуу педагогиканын ыкмалары, каражаттары, жолдору аркылуу тарбиялоонун диссертациялык багытта илимий максатта үйрөнүлбөгөндүгү.

**Изилдөөнүн объектиси:** салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке, эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролун көрсөтүү жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** - салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекти сүйүүгө, эмгекчил болууга тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануунун мазмунун көрсөтүү.

**Изилдөөнүн максаты:** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп

практикасында пайдалануунун жолдорун, ыкмаларын теориялык жактан ачып берүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролунун мазмунун, функцияларын жана аларды азыркы учурда колдонуунун маани-маңызын аныктоо.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн илимий-педагогикалык эволюциясына анализ жүргүзүү.

3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн жана аларды азыркы мектепте колдонууну изилдөөнүн материалдарын, методологиялык таянычтарын жана методдорун аныктоо.

4. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин колдонгон ыкмаларын, формаларын, каражаттарын аныктоо жана аларды азыркы мектепте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн сунуш кылып, аларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү.

**Диссертациялык иште алынган натыйжалар**

**1.** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролуназыркы мектеп практикасында колдонуунун учурдагы абалы такталды; ушул проблема боюнча окуу-нормативдик документтер үйрөнүлдүгү көрүнүп турат;

**2.** Жаңы деп кабыл алууга негиз бар, анткени учурда кыргыз элдик педагогикасынын салттарын пайдаланып тарбиялоо боюнча шарттар, талаптар аныкталды; тарбиялык иштер боюнча негизги материалдар үйрөнүлдү; методикалык сунуштарыбыз тарбиялык сабактарда жана сабактарда тажрыйба жүргүзүүчү мугалимдер тарабынан текшерилген; окуучулардын кыргыз элинин тарбиялоо маданиятына болгон кызыгуулары аныкталды; окуу-тарбия процессинде азыркы ата-энелердин таасири канчалык экендиги такталдыгы көрсөтүлгөн ж.б.

3. Жаңы деп кабыл алууга негиз бар, анткени салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонууну боюнча тажрыйбалык материалдар ар тараптуу үйрөнүлгөн жана алар жыйынтыкталган; алынган натыйжалар илимий жактан жалпыланган; материалдар анализденип, синтезделген; иштин гипетозасынын ырастыгы текшерилген; темага байланыштуу окуу-тарбия процессине ылайлык практикага сунуштар берилген;

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын жаңылык деңгээли:**

Жалпысынан алганда диссертациялык иште берилген натыйжалар

теориялык жактан негиздүү жана практикалык объективдүү зарылчылыкты

чагырылды деп баалоого арзыйт. Себеби, салттуу үй бүлөдө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоонун илимий-теориялык негиздери жана педагогикалык шарттары иштелип чыккан.

**Биринчи натыйжаны** жаңы десек болот, анткени үй бүлөдө жана мектепте салттуу таалим-тарбия берүүдөгү ата-энелердин, мугалимдердин ролу жана салттуу тарбия берүүнүн максаты, милдети, мазмуну, технологиялык функциялары, ата-энелер менен мугалимдердин структуралык-функционалдык иш аракеттеринин модели иштелип чыккан. Салттуу үй бүлөнүн бул багыттагы иш-аракеттерине мектеп мугалимдерин тартуу моделинин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн.

**Экинчи натыйжаны** жаңы деп кабыл алууга негиз бар, анткени салттуу үй бүлө менен мектеп мугалимдеринин бул багыттагы иш-аракеттерин уюштуруунун натыйжалуу мазмунун аныктоочу таасирлерди талдоо жана салттуу үй бүлөдөгү ата-энелеер менен мугалимдердин биргелешкен иш-аракеттеринин структуралык-функционалдык моделин жүзөгө ашыруунун эффективдүүлүгүнө жетише алган.

**Үчүнчү натыйжанын жаңылыгы** салттуу үй бүлөдө балдарды эмгекке тарбиялоонун жол-ыктарын окуу-усулдук жактан жүзөгө ашыруунун методикасы иштелип чыгылган.

**Илимий жоболордун, жыйынтыктардын, сунуштардын негиздүү даражасы деп**, илимий иштин логикасынын изилдөө стратегиясынын түзүлүүсү, илимий- изилдөө методологиясынын жана методдорунун адекваттуулугу, пайдаланылган адабияттардын кендиги жана изилдөөчүнүн изилденип жаткан маселени терең билгендиги, изилдөө божомолдорун туура аныктоосу менен аларды илимий негизде далилдей алгандыгы түшүндүрүлөт.

Илимий иштин **биринчи бөлүмүндө** алынган натыйжаларынын жоболору жана жыйынтыктары илимий-теориялык жактан ынанымдуу деп кабыл алууга болот. Себеби, **«Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну изилдөөнүн тарыхый-теориялык өңүтү»** деп аталган биринчи бапта этнопедагогикадагы «салттуу үй-бүлө» түшүнүгүнүн теориялык жана практикалык аныктамаларын айкындоого арналган. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчил кылып тарбиялоо, эмгектенүүгө үйрөтүү ошол үй-бүлөнүн кийинки муундарынын бактылуу жашоосун камсыз кылуучу эң биринчи факторлордун бири, турмушка балдарды даярдоонун башкы каражаты экендиги көрсөтүлөт.

Илимий иштин **экинчи бөлүмүндө** заманбап методологиялык окууларга таянуу менен “Изилдөөнүн материлдары жана методдору” деген аталышта берилип, окуучуларды азыркы мектепте элдик салттардын негизинде эмгекке тарбиялоонун негизги формалары жана алардын өткөрүлгөн жерлери, салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын үйрөнүүнүн натыйжаларынын компоненттери жана ата-энелер менен «Балдарды элдик педагогиканын таасиринде эмгекке

тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темада интерактивдүү сабактын жүрүшү чагылдырылган.

Илимий иштин **үчүнчү бөлүмүндө** «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдалануу боюнча тажрыйбалардын жүрүшү жана натыйжалары» деп аталып, практикалык жана педагогикалык тажрыйбалык иштердин уюштурулушун, жүрүшүн жана жыйынтыгын чыгарууга арналып, анда салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин ролун азыркы мектепте колдонуунун модели аныкталган жана ал модель азыркы мектеп практикасына колдонууга канчалык деңгээлде жарактуу экендиги текшерилген.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Каралып жаткан диссертациялык иштин практикалык маанилүүлүгү жогору, себеби, чыгарылган сунуштар жогорку жана орто окуу жайларында кыргыз элдик педагогикасын окуп үйрөнүүдө, кыргыз этнопедагогикасы дисциплинасынын мазмунун байытууда, университеттердин жана мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун өркүндөтөтүп түзүүдө, жогорку окуу жайларында атайын курстарды жана семинарларды өтүүдө, мектептердин тарбиялык иш-чараларында жана тарбиялык сабактарда пайдаланса болот.

**3. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Изденүүчү Ташбаева Г.А. тарабынан жазылган диссертациялык иш 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттери менен дал келет. Автореферат орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

**Диссертациялык иште орун алган мүчүлүштүктөр**

1. Диссертацияда салыштырма-типологиялык метод менен темага байланыштуу Борбор Азиядагы түрк элдеринин этнопедагогикалык изилдөөлөрү пайдаланылса, эмгек дагы мазмундуу чыкмак.
2. Диссертациялык иштин 69-бетиндеги 2.2 – сүрөт. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн үлгүсүндө азыркы мектепте окуучуларды эмгекке тарбиялоонун моделин авторефератка кошуп койсо жакшы болмок.
3. Практикалык сунуштарга мектептеги практикалык иш-чаралар, долбоордук иштер, диджитал технологияларды колдонуу, устаттык сабактарды дагы кошуп сунуштаса болмок.
4. 2.4 бөлүмдө берилген кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоо салттарын азыркы мугалимдердин жана тарбиячылардын практикада колдонулуш тажрыйбалары деген бөлүмгө STEM билим берүүнүн элементтерин да кошуп сунушталса болот деп ойлойм.

Белгиленген мүчүлүштүктөр изденүүчү **Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан жазылган «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү»** аттуу диссертациялык иштин жалпы илимий денгээлине шек келтирбейт, алар негизинен изилдөөнү мындан да жогорку деңгээлге көтөрүү максатында белгиленди.

**Корутунду:** Изденүүчү **Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан жазылган «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү»** атту 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандитаты окумуштуулук дараж асы н изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш катары бааланат жана изденүүчү педагогика илиминин кандидаты даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, КР эмгек сиңирген
мугалими п.и.к. Мадаминов Г.М.